DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Смадиярова З.А.*

# САПАТТУУ ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДР ДАЯРДОО КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Смадиярова З.А.*

# ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ КАЧЕСТВЕННЫХ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ

*Z.A. Smadiyarova*

# PROBLEMS OF PREPARING HIGH-QUALITY TEACHING STAFF

*УДК:37. (091)*

*Бул макалада Кыргызстандагы учур талабына ылайык педагогикалык кадрларды сапаттуу даярдоо проблемалары, Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы коюп жаткан милдеттерди иш жүзүнө ашыруудагы билим берүү жана республиканын социалдык-маданий өнүгүүсүнө карата социалдык-педагогикалык чакырык экендиги жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *педагог, сапаттуу кадр, реформа, көп баскычтуу билим берүү, эл аралык стандарт, бакалавр, магистр.*

*В данной статье раскрывается проблемы подготовки качественных педагогических кадров в Кыргызстане. В статье с учетом национальной стратегии развития Кыргызской Республики раскрываются реализация задачи, а также соответствие современным социально-педагогическим вызовам социокультурного развития республики.*

***Ключевые слова:*** *педагог, качественный кадр, реформа, много ступенчатое образование, международный стандарт, бакалавр, магистр.*

*This article reveals the problems of preparing high-guality teaching staff in Kyrgyzstan, in the article taking into account the national development strategy of the Kyrgyz Republic. Realization of the task, as well as compliance with the modern social and pedagogical challenges of the socio-cultural development of the republic.*

***Key words:*** *teacher, high-guality staff, reform, multi-level, education, international, standard, frame, multi-step education, international, bachelor, master.*

Учурда Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында белгиленген максат, милдеттерди ишке ашыруунун үстүндө иштеп жаткан бардык сфералар менен бирдикте, бул аракеттерди багыттоонун негизи болгон Кыргызстандын билим берүү жана илим системасы да көнүл борборун адам ресурсун өнүктүрүү проблемаларын чечүүгө буруп жаткандыгы белгилүү [6,9].

Улуттук стратегияда белгиленгендей келечекте өлкөбүздө дени сак жашоо мүнөзүнө умтулган билимдүү адамды тарбиялоо алдынкы планга чыга тургандыгы белгилүү болду. Мамлекет адамдын дени сак жашоосунун башкы фактору болгон өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн жашоо денгээлин татыктуу камсыз-доого мүмкүнчүлүгү жеткен адам тарбиясына, тамак-аштын, экологиянын тазалыгына, дене маданиятын өнүктүрүүгө негизги көнүлдү бура тургандыгы баса белгилеген [6, 8].

Жогорудагы айтылгандардан улам стратегиялык багыттардын төмөндөгү максаттары келип чыгат:

- Келечекте өлкөнүн негизги багыттарын өнүктүрүү менен бирдикте билим берүүнү калыптандыруунун методологиясын, мазмунун өзгөртүү.
- Билим берүү системасынын адистик потенциалын жогорулатуу.
- Билим берүүнү баалоо жана мониторинг системаларын түзүүнү өркүндөтүү [4].

Мамлекет тарабынан негизги көнүл адам ресурсун өнүктүрүүгө бурулгандыгы, демек өлкөбүздө педагогикалык кадрларды сапаттуу даярдоо проблемаларын да чечүүнүн зарылдыктары бар экендигинен кабар берет. Учурдагы даярдалган кесипкөйлөр бала бакча, жалпы билим берүүчү мектеп, орто кесиптик окуу жайларда гана эмес жогорку окуу жайларында да кесиптик-педагогикалык жактан даярдыгынын жетишсиздигин тастыктаган кадрлар кездеше калып тургандыгын ким жокко чыгара алат. Демек, жогорку мектепке жок эле дегенде 3 тилди жакшы билген адистерди алуу проблемаларынын бекер жеринен коюлбагандыгын белгилеп кетүү зарыл.

XXI кылымдагы ааламдашуу процессинин ылдамдыгы инсандардын мамилелешүүсүнө өзгөртүүлөрдү киргизип, бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде орун алган өзгөчөлүктөр, жетишкендиктер Кыргызстандагы илим, билим, таалим-тарбия маселелерине карата болгон илимий көз караштарды

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өзгөртүп, түп тамырынан кайра түзүлгөн билим берүү системасындагы окуу-тарбия иштерине сүңгүп кирүүгө даяр, сапаттуу кадрларды даярдоо жогорку окуу жайлардын башкы максаты жана милдети болуп, ал маселе тил учунда эмес, иш жүзүндө аткарылууга тийиш. Коомдун суроо талаптарын канааттандыра турган кадр, демек билим сапаты мыкты, аны өз тажрыйбасында чыгармачылык менен колдонууну өздөштүргөн компетенттүү кесипкөй дегенди түшүндүрөт.

Учурда өнүккөн технологияларды колдонууну гана билген адисти эмес, өзүнүн илим, билим, таалим-тарбия тажрыйбаларын дүйнө элдерине таанытуу аркылуу өз бөтөнчөлүгүн далилдей алган жана дүйнөлүк аренада Кыргыз элинин жашап кетүү мүмкүнчүлүгүнө салым кошо ала турган кесипкөйдү даярдоо алдынкы планга чыкты. Ошондуктан, тилибизди, дилибизди, каада-салт, үрп-адат, элдик оозэки чыгармачылыгыбызды (уламыш, жомок, жөө жомок, макал-лакап, жаңылмач, бат айтма, оюн, калп, тамсил, ыр, күү, санжыра, кошок, дастан, эпос ж.б.), күрөө тамырдай согуп турган дөөлөттөрүбүздү көздүн карегиндей сактап, улам кийинки өсүп келе жаткан муунга өткөрүп берүү учурдагы негизги, башкы милдеттерибиз боло тургандыгын келечекте даярдалып жаткан кесипкөйлөрдүн ан-сезимине сиңирип баруу абзел. Бул милдетти негизинен билим берүү системасынын кызматкерлери, педагогдор ишке ашыра тургандыгы жалпыга маалым [2].

Заман талабына ылайык учурда Кыргызстандагы билим берүү системасынын эл аралык тажрыйбаларда натыйжалары тастыкталып, иштеп келе жаткан көп баскычтуу билим берүүгө өтүүсү да бекеринен эмес. Анткени, Кыргыз Республикасындагы педагогикалык кадрлардын эл аралык стандарттын негизинде даярдалышы, кадр саясатынын туура жолго коюлушу, педагогикалык кадрларды сапаттуу даярдоо маселелеринин чечилиши, жогорку окуу жайларын аяктаган кесип ээлеринин билим берүү системасынын дүйнөлүк мейкиндигине чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздайт. Азыркы Кыргызстан тандап алган Болонья системасынын окуу планы менен окуп жаткан студенттин диплому, эгер студент кайсы мамлекеттин тилин билсе, ошол өлкөдө бакалавр же магистрлик диплом менен иштеп кете алат деп толук айтууга негиз бар.

Демек, азыркы бакалавр адистигинде билим алып жаткан педагог үчүн ушул системага кирген бардык мамлекеттерге "жол ачылды" деген тыянак келип чыгат. Дүйнөлүк педагогикалык кесиптик конкуренцияга туруштук бере ала турган педагог-адистерди даярдап баруу учурдун эң актуалдуу проблемаларынын бири болуп калды. Учурдагы Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы коюп жаткан максат, милдеттер келечектеги даярдалуучу республикадагы кадр маселелерине, анын ичинде педагогикалык сапаттуу кадрларды даярдоого болгон чакырык деп түшүнүү зарыл. Демек, мамлекетибиздин башында турган атуулдардын арасында республиканын келечегине кам көрө билген, илимдүү, билимдүү, көсөм, тажрыйбалуу инсандардын бар экендигин белгилей кетүү абзел. Учурда заман талабына ылайык даярдалып жаткан кесип ээлери Кыргыз Республикасынын келечегин аныктоочу кадрлар болуп саналат.

Жаңы заман өзүнүн жаңы эрежелери менен жашообузга кирип келди. XX кылымда өз иштерин мыкты аткарган кээ бир мугалимдерибиз XXI кылымдын бир гана жаңы технологиясын өздөштүрө албай оор түйшүктөргө кабылгандыгын кантип жашырабыз. Демек, жаңы замандын жаңы технологиясын өздөштүрүү, бүгүнкү күндүн педагогдорунун мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулашына алып келе турган маселе [1].

Педагогдук кесипке системалуу даярдоону иш жүзүнө ашыруу зарыл. Биринчи баскыч – бул бала бакча, экинчиси – мектеп, үчүнчүсү – кесиптик колледждер, төртүнчүсү – педагогикалык кесипке даярдоочу жогорку окуу жайлар. Мына ушундай системада чыныгы педагогдук кесипти ардактаган инсандар педагогикалык кесиптерге тартылышат деген ойдобуз.

Педагогдук кесиптин аброюнун төмөндөшүнүн себептеринин бири маянанын аздыгы. Ошондуктан бул кесипке эркек балдарды тартуу жеңил эмес. Кыргыз элинин көз карашында үйдүн оокатын негизинен үй-бүлөнүн башчысы камсыздоого тийиш. Ал эми мугалимдин айлык-маянасы жалгыз өзүн камсыздоого жетпейт. Мыкты мугалимдин даярдалышы коомдук ан-сезимдин өсүүсүнө, коомдук ан-сезимдин өсүүсү бүтүндөй бир өлкөнүн илим, билим, маданиятынын өнүгүшүнө алып келе тургандыгы жалпыбызга маалым. Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында каралып жаткан маселелер, жогорудагы биз козгогон, чечилбей келе жаткан маселелерди чечет деген ойдобуз.

Бүгүнкү күндөгү жогорку окуу жайлар тарабынан билим берүүгө, башкача айтканда студенттердин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



билим алуусуна карата түзүлгөн шарттар өз деңгээлинде, жетишээрлик экендигин белгилеп кетүүгө болот. Бардык шарттар студенттер үчүн жолго коюлган. Билим алууга гана убакыт табуу керек, кесиптин баркына ошондо жете алат. Кесибин, балдарды сүйсө ал адамдан мыкты педагог чыгаары жалпыга маалым.

Педагогикалык сапаттуу кадр даярдоо маселеси бүтүндөй Кыргыз Республикасындагы илимпоз-педагогдордун негизги проблемасына айланды.

Билим алууга карата болгон жаштарыбыздын көз карашын түп тамырынан өзгөртүүгө аракеттер жасалууда. Азыркы мезгилде “окуучу жаштарды кантип окутабыз?” деген проблеманын үстүндө педагогика илимдеринин докторлору Э.М. Мамбетакунов, Н.А.Асипова, А.М.Мамытов, С.К.Рысбаев, Т.М. Сияев, А. Т. Калдыбаева, Ж.К. Каниметов, Н.А. Ахметова, А. Алимбеков, С. Момуналиев, С.С. Сакиева, Б.Укуева ж.б. өздөрүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүп, илимий чөйрөдө дайыма докладдарды жасап, болуп жаткан проблемаларды чечүүнүн аракетинде. Бул аракеттер келечекте Кыргыз Республикасындагы билим берүү, тарбиялоо иштерине чон салым кошоору бышык.

Кыргызстандын билим берүү системасы өнүгүүгө багыт алып, сапаттуу педагогикалык кадр маселелери чечилип өнүккөн мамлекеттер даярдаган педагогикалык кадрларга тентайлаша турган, сапаттуу педагогикалык кадр даярдоо биздин өлкөдө да ишке ашат деген ойдобуз.

**Адабияттар:**

1. Абдырахманов Т.А. “Кыргызстандын жана дүйнөнүн билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, тенденциялар, проблемалар”. - Бишкек, 2013-ж.
2. Асипова Н.А. Билим философиясы жана тарыхы. - Бишкек, 2010-ж.
3. Асипова Н.А. Актуальные проблемы воспитания и образования учащейся молодежи. - КТМУ, 2015.
4. Мамбетакунов Э. Таалим-тарбия процесси: теория, технология, практика. - Бишкек, 2017-ж.
5. Сияев Т.М. Азыркы мезгилдин педагогу: теория жана практика. - Бишкек, 2014-ж.
6. Национальная стратегия развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы. http://mineconom.gov.kg/storage/directs/documents/209/15421950795bec078718fff.pdf (дата просмотра 10.03. 2019).

**Рецензент: к.пед.н., профессор Мадраимов С.М.**